# К-ӨУнүн ЖОЖдорго чейинки даярдык жана карьераны өнүктүрүү борборунун 2017-2018-окуу жылында аткарган иш чаралар боюнча отчету

**К-ӨУнүн ЖОЖдорго чейинки даярдык жана карьераны өнүктүрүү борбору тарабынан** кесип тандоого багыт берүү, Кыргыз-Өзбек университетибизди жарнамалоо максатында Кызыл-Кыя шаарында үгүттөө иш чаралары уюштурулду. Аталган шаарда жайгашкан 12 мектептин бүтүрүүчүлөрү, мугалимдери, Жогорку кеңештин депутаттары, шаардык кенештин өкүлдөрү жана Кызыл-Кыя шаарынын жергиликтүү бийлик өкүлдөрү катышышты. Жолугушуу Кызыл-Кыя шаардык мэриясында өткөрүлүп, алгач жолугушуунун максаттары тааныштырылып, кесип тандоого багыт берүү, окуу жайыбыз боюнча үгүттөө сөздөрү айтылып, андан соң мектеп бүтүрүүчүлөрү арасында «Билерман ордо» акыл таймашы уюштурулду. Бул иш чараны «Университетибиздин интеллектуалдар» командасы өткөрүп, жыйынтыгында жеңүүчү командаларга ардак грамоталар, дипломдор, кызыктыруучу сыйлыктар берилди. Бул өткөрүлгөн иш чара 2017-жылдын ноябрь айында уюштурулган болсо, мындай иш-чара 2018-жылдын май айында дагы жогорку деңгээлде уюштурулду.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 16-июнундагы номер:381 жана 28-декабрындагы номер:844 токтомдорун ишке ашыруу максатында КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин Улуттук тест жүргүзүү борбору тарабынан республиканын жалпы билим берүү

уюмдарынын билим сапатын баалоо, аккредитациялоону өткөрүү үчүн тест администратору болуп, Ош облусунун Алай,Араван, Өзгөн жана Кара-Суу райондорундагы мектептерге барып, билим сапатына күбө болуп,тиешелүү иштерди аткаруу менен бирге, кесип тандоого багыт берүү, окуу жайыбызды жарнамалоо боюнча иш чаралар жүргүзүлдү.

Ош облусунун Араван районунун мектеп бүтүрүүчүлөрү арасында кесип тандоого багыт берүү, окуу жайыбызды жарнамалоо максатында үгүттөө иш чаралары уюштурулду. Араван районунун билим берүү башкармалыгынын жамааты, мектеп директорлору, жалпы мектеп бүтүрүүчүлөрү катышышты. Кесип тандоого багыт берүү, окуу жайыбызды жарнамалоо боюнча сөздөр айтылды жана райондогу 7 мектептин бүтүрүүчүлөрү менен жолугушуу өткөрүлдү.

Жогорудагы мындай иш аракеттер Ош облусунун Алай, Кара-Суу, Өзгөн, Чоң-Алай райондорунда, ошондой эле Ош шаары - Ош шаарына жакын жайгашкан ж.б. аймактардагы мектеп бүтүрүүчүлөрү арасында кесип тандоого багыт берүү, окуу жайыбызды жарнамалоо максатында үгүттөө иш чаралары уюштурулду. Мектеп жамааты, жалпы мектеп бүтүрүүчүлөрү катышышты. Кесип тандоого багыт берүү, окуу жайыбызды жарнамалоо жана жалпы республикалык тестке даярдануу боюнча сөздөр айтылды. Жалпы региондор боюнча 30дан ашык мектептердин бүтүрүүчүлөрү менен жолугушуу өткөрүлдү.

Кыргыз-Өзбек университети тууралуу алыскы райондон келген мектеп бүтүрүүчүлөрүнө окуу жайыбызды тааныштыруу, кесип тандоого багыт берүү жана жалпы окуу жайыбыздын баардык имараттарына экскурция уюштуруу иш аракеттери болуп өттү. Окуу жайыбыз үчүн мындай иш чаралар ар дайым уюштурулуп келүүдө. Массалык маалымат каражаттары жана социалдык тармактар аркылуу өткөрүлгөн иш чаралар боюнча маалымат берилүүдө.

Ал эми бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштурууга көмөктөшүү максатында Ош ЖИА Ассоциациясынын жогорку окуу жайлар менен "Кызматташуу меморандуму" болуп өткөн. Жыйынга Ош шаарындагы жогорку окуу жайлардын карьера борборлорунун жетекчилери, практика жетекчилери жана түрдүү багыттагы ишкерлерлер жана иш берүүчүлөр катышышты. Бүтүрүүчүлөрдүн жумушка жайгашуусундагы көйгөйлөр жана компетенттүү адисти тандап жумушка тандап алуу жөнүндө талкуу кызуу жүрдү. Жыйынтыгында стратегиялык пландарга конкреттүү сунуштар берилип, кызматташуу иштери аткарылып жатат.

Кыргыз-Өзбек университетинин базасында 2017-жылдын декабрь жана 2018-жылдын апрель айларында «Бош иш орундар жарманкеси» иш чарасын өткөрүү пландаштырылып, өткөрүлдү. Бул жарманке Кыргыз-Өзбек университетинин жетекчилигинин демилгеси, окуу жайдын ЖОЖдорго чейинки даярдык - Карьераны өнүктүрүү борборунун сунушу жана Кыргыз Республикасынын

Эмгек жана Социалдык өнүгүү министрлиги, Ош шаардык иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү башкармалыгы менен биргеликте уюштурулду. Аталган иш чарага Ош шаарынын алдынкы мекеме ишканаларынын, бизнес түзүмдөрүнүн, эл аралык уюмдарынын, жогорку жана орто окуу жайларынын, кесиптик техникалык лицейлердин жетекчилери катышышты. Ош шаарынын мекеме-ишканаларынан 300 бош орун, Бишкек шаарынан 500дөй бош орун, Ош облусунун райондорунан 62 бош орундар сунушталып,окуу жайыбыздын студенттеринин чакан концерттик программасы менен коштолду. Жалпысынан жарманкеге 1046 адам катышты, 270 жумуш издөөчүлөргө кеп-кенеш берилип, алардын 25и жумушка жолдомо алышты. Иш чара Билим берүү жана илим министрлигинин edu.gov.kg сайтында жайгашып, баардык бүтүрүүчүлөр маалымат алууга шарт түзүлдү , ж.б. массалык маалымат каражаттарына жарыяланды.

Бул жарманке иш чараларды өткөрүүнүн максаты - жумуш берүүчүлөргө адис менен камсыздоо маселесине көмөктөшүү, жумуш издөөчүлөргө ылайыктуу иш орундарын сунуштоо, окуу жайлардын жумуш берүүчүлөр менен байланышын күчөтүү жана бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштурууга жардам берүү болуп эсептелинет. Жарманкеге окуу жайыбыздын ректору, профессор Райымбаев Чаткалбай Кенейбаевич, Кыргыз Республикасынын Эмгек жана Социалдык өнүгүү министрлигинин Ош шаардык иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү башкармалыгынын башчысы Анарбаева Дина Турманбековна ж.б. иш берүүчүлөр, иш каналардын жетекчилери катышышты. Ошондой эле окуу жайыбыздын бүтүрүүчүлөрү үчүн иш издөөчүлөргө тиешелүү

укуктук, ишке орношуудагы көйгөйлөр, иш берүүчүлөрдүн ортосундагы мамилелер, базар экономикасы, каршылаштарды көтөрө билүү боюнча  семинар тренингдер квартал сайын өткөрүлдү.

Ал эми гранттык негизде бүтүргөн бүтүрүүчүлөрдү 2018-жылдын  27-апрель күнү атайын түзүлгөн комиссиянын жана иш берүүчүлөрдүн катышуусунда ишке орноштурууга,иш орундарына бөлүштүрүү иш аракеттери болуп, аларды көзөмөлдөө иштери аткарылып жатат.

Кыргыз-Өзбек университетинин тарыхында алгачкы жолу көпчүлүктүн катышуусунда "К- ӨУнүн Бүтүрүүчүлөрүнүн жолугушуусу" болуп өттү жана 12-апрель - Бүткүл дүйнөлүк космонавтика күнүнө туура келди ! " Мугалим мөмөлүү дарак" демекчи, окуу жайдын жетекчилиги, окутуучулары, жалпы жамааты, коомубузга керектүү болгон адистерди даярдап, элибизге, жерибизге,мекенибизге жана жалпы адамзатка пайдасы тийсин деп, жакшы максаттар менен студент жаштарды татыктуу тарбиялап, мыкты бүтүрүүчүлөрдү, кадрларды университетибизден,тагыраагы билим уябыздан чыгарып келет. Кыргыз-Өзбек университетибизде ар дайым келечек муун үчүн өтө жогорку денгээлде сабактар өтүлүп, дасыккан кесип ээси болуусуна шарт түзүлгөн. Ошол татыктуу билимди алышып,азыркы учурда ар тармакта "Сыймыктуу бүтүрүүчүлөрүбүз" иштеп келишүүдө, алар окуу жайыбыздын коомубузда татыктуу орду бар экендигине далил боло алат.

Мисал үчүн айрымдарына токтоло кетсек:
Идрис Айитбаев: Орто Азияга таанылган, 6 тилде эркин сүйлөй алган белгилүү төкмө акын.
Ибраимжанов Болотбек Сапарбаевич: Кыргыз Республикасынын Жогорку кенешинин депутаты.
Кадырбердиев Беделбай Жалалович : Ош муниципалдык "Жылуулуккамсыздоо" ишканасынын жетекчиси .
Канатбек уулу Талантбек Ош шаардык мэриясынын маалымат катчысынын

башчысы.
Шоноев Мирлан Курманбекович : «Халык Банк Кыргызстан Ош» банкынын Түштүк региону боюнча башчысы.
Ибрагимов Азизбек Арстанбекович : ЭлТР МТРКсынын башкы юристи .
Тагаев Акмурза: Аксакалдар кенешинин төрагасы, Баткен окуясынын баатыры.
Эсенкулов Артур Бактыбекович: «АККА» күйүүчү май куючу комлексинин, Ош эл аралык аэропортунун генералдык директору.
Юсупов Алишер Шавкатбекович: Кыргыз- Өзбек университетинин Окуу департаментинин директору.
Маматов Мирбек Акжигитович: «Газпром Кыргызстан» ЖКнын “Ошгаз” филиалынын директорунун орун басары .
Темиркулов Мундузбек Анаркулович : «Скай Мобайл» (Beeline соода маркасы) Корпоративдик кардарларды өнүктүрүүнүн түштүк региону боюнча менеджери.
Максытов Кимсанбек Ырысбаевич: Радиорелейлик станциалардын түштүк башкармалыгы боюнча 1чи категориядагы инженери.
Казаков Музаффар Абдуллаевич: “Jazeera Travel” туристтик агенттиктин аткаруучу директору.
Жакыпов Кычан Мамрасулович: Ош шаардык муниципалдык автоунаа ишканасынын инженери. .
Азимов Жасур Махмудович: Ош шаардык кенешинин депутаты.
Нурматов Данияр Саипжанович: КРнын Президентине караштуу мамлекеттик башкаруу академиясынын регионалдык мененджери. .
Ибайдуллаев Хайрулло Хабибуллаевич: “Сулайман-Тоо” тарыхый,археологиялык муз.комплексинин директорунун орун басары.
Каракожоев Султанбек Жалалович: «Өнүккөн келечек жаштары” коомдук фондунун директору.
Исманов Эрмек Марипжанович: КРнын улуттук банкынын Ош областтык башкармалыгынын акча жүгүртүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси.
Исмаилова Бурул: “Ош шамы” гезитинде башкы редактор.
Токтошев Дооран Эргешбаевич: «Ош шамы” гезитинин башкы менеджери.
Парпиев Жасур Мирзажанович : « Жаш ишкерлер ассоциациясынын » аткаруучу директору.

Исмаилов

Нуркыял Качыбекович: .Ош АКБ Кыргызстан банкынын башкы бухгалтери. .
Абдуллаев Куттубек Абдибакыевич: Кара-Суу райондук социалдык өнүгүү башкармалыгынын башчысы.
Юсупов Аброрбек Мухтарпжанович: №6 З.Розахунова мектебинин директору.
Махмудов Анваржон Хамитжонович Араван районундагы. З. М. Бабур атындагы мектептин директору.
Алмазбек кызы Назима: Жаш дем коомдук бирикмесинин жетекчиси.
Маматисаков Шадман "ЭлТР" МТРК Редактор, "Билерман ордо " интеллектуалдык телеоюнунун алып баруучусу.
Дурусбек Касымов: ЭлТР" МТРКсынын кызматкери."Билерман ордо " интеллектуалдык телеоюнунун мыкты билерманы.
Илгизбек Шамырзаев: №52 Кыргыз-түрк достук мектеп-гимназиясында мугалим. "Билерман ордо " интеллектуалдык телеоюнунун мыкты билерманы.
Ушул аты аталган жана аты аталбаган "Сыймыктуу бүтүрүүчүлөрүбүз" билим алган жана учкан уябызга кайтып келип,жолугушуу уюштурулуп, Кыргыз - Өзбек университетинин тарыхында алгачкы жолу көпчүлүктүн катышуусунда "К-ӨУнүн Бүтүрүүчүлөрүнүн жолугушуусу" болуп, “К- ӨУнүн Бүтүрүүчүлөрүнүн Ассоциациясы”нын жобосу тааныштырылып, ачык добуш менен бүтүрүүчүлөрүнүн ассоциациясынын төрагасына Маматов Мирбек бүтүрүүчүбүз шайланды. Бул багытта бүтүрүүчүлөр боюнча иштер алынып барылууда.

Бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруудагы маселелер жана бүтүрүүчүлөрдүн иш берүүчүлөр ортосундагы көйгөйлөрдү алдын алуу максатында сенинар тренингдер уюштурулду. Бул иш чарага Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кадр кызматынын түштүк аймактык өкүлчүлүктүн кызматкерлери, Ош шаардык иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү башкармалыгынын өкүлдөрү, Жаш ишкерлер ассоциациясынын аткаруучу директору ж.б. иш берүүчүлөр, студенттер, бүтүрүүчүлөр келип катышышты. Уюштурулган семинардын максаты коомчулукта жаштарыбыздын

жумушка жайгашуусундагы көйгөйлөрү, мүчүлүштүктөрү, жана проблемары. Иш чаранын жүрүшүндө азыркы учурда базар экономикасы кандай жумуш орундарды талап кылып жатат? Билим алып жаткан студенттерибиз базар экономикасын эске алуу менен кесибин тандап алдыбы? ЖОЖдор бүтүрүп жаткан бүтүрүүчүлөрдүн канча пайызы өз адистиги боюнча жумушка жайгашып жатат? Кесипти туура тандоодо кимдер жардам берет? Алдына койгон ишмердик карьерасын эмнеден башташ керек? Дегеле коомчулукта жаштарыбыздын интелектуалдык денгээли кандай даражада өсүп жатат? деген суроолордун тегерегинде сөздөр айтылды. эки тараптуу талкуу жандуу жүрүп жыйынтыкталды.

Окуу жайыбыздын жетекчилигине ЖОЖдорго чейинки даярдык жана Карьераны өнүктүрүү борборунун сунушу менен өткөрүлгөн семинарга келген коноктор, катышуучулар,бүтүрүүчүлөр ыраазычылыктарын билдирип кетишти.

Карьераны өнүктүрүү иштерин жандандыруу боюнча «Германия кызматташтыгы – GiZ» эл аралык уюмунун семинар тренингдерине катышып, жаныча инновафиялык метод менен иш алып баруу, бүтүрүүчүлөрдү ишке орношуудагы жана иш берүүчүлөр ортосундагы көйгөйлөрдү чечүүнүн жолдору талкууланды. “КРдин ЖОЖдорунда бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу боюнча карьералык борборлордун ишин жандандыруу” социалдык экономикалык туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуу үчүн өндүрүштүк ишканалар менен окуу жайдын

ортосундагы байланышты бекемдөө,бүтүрүүчүлөрдүн жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүн арттырууга жол ачуу болуп эсептелет. Бүтүрүүчүлөр менен тыгыз иш алып баруу максатында «Кыргыз-Өзбек университетинин бүтүрүүчүлөрүнүн ассоциациясынын» жобосу иштелип чыгып бекитилди. Ассоциациянын ишин жандандыруу боюнча иш-аракеттер аткарылып жатат. Кыргыз Республикасынын Эмгек жана Социалдык өнүгүү министрлигинин Ош шаардык иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү башкармалыгы, ошондой эле иш берүүчүлөр менен такай байланышта иш алынып барып, биргеликте өткөрүлгөн ЖОЖдордогу, Ош шаарындагы жана жогорку деңгээлде уюштурулган тиешелүү иш – чараларга катыштык.

Кыргыз Республикасынын Эмгек жана Социалдык өнүгүү министрлигинин Ош шаардык иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү башкармалыгынын адистери жана “Ансар-Тайп” окуу борборунун тренерлери менен биргеликте бүтүрүүчү курстун студенттери үчүн “Резюмени кантип даярдоо керек”, “Жумуш берүүчү менен жолугушууга кантип даярдануу керек” деген темаларда семинар уюштурулду.

Ошону менен биргеликте баарыбызга маалым болгондой ЭлТР КТРКсынын эфиринде “ Билерман ордо” интеллектуалдык, логикалык таймашы өткөрүлүп келет. Ал жерде көп тараптуу суроо жooптор, ар багытта изденүүнү талап кылган кызуу интеллектуалдык, логикалык таймаш болуп турат. Бул оюнга көп региондордон, ар окуу жайлардан командалар катышат, окуу жайыбыздын интеллектуалдар командасы дагы бул таймашка

активдүү катышып студенттердин бүтүрүүчүлөрдүн айрыкча көпчүлүк мектеп бүтүрүүчүлөрдүн интеллектуалдык ой жүгүртүүсүн өстүрүүгө жардам берип окуу жайыбызды жарнамалоодо абитуриенттерди кабыл алууда жакшы жышаан болуп келүүдө .

Бүтүрүүчүлөрдүн базасын толуктоо жана тыгыз байланышта иш алып баруу иштери аткарылды. Факультеттерден,бөлүмдөрдөн 300гө жакын бүтүрүүчүнүн маалыматтары чогултулуп, борбор аркылуу 400 окуу жайыбызды бүтүп кеткен, азыркы учурда даражалуу кызматтарда иштеп жаткан бүтүрүүчүлөрүбүздүн толук маалыматтары топтолуп, жаңылануудa.